## 2017-жылы Кыргыз Республикасынын калк жайгашкан пункттарынын жашоо шарттарын жакшыртуу абалы

2018-жылдын 1-январына карата туруктуу жашаган калктын саны 6,3 млн. адамды түздү. Ушул эле учурда, шаардын калкы 31 шаарда жана 9 шаарчаларда, башкача айтканда, 40 шаарда жашашат. Шаар калкынын 98 пайыздан ашыгы шаарларда, калган бөлүгү - чакан шаарчаларда жашашат. Айыл калкы 1905 айылды камтыган 453 айыл аймактарында (жергиликтүү коомчулуктарда) жашашат.

2017-жылдын аягына карата турак жай фондунун жалпы аянты 2013-жылга салыштырмалуу 10,6 пайызга көбөйүү менен 82 миллион чарчы метрди түздү. Ушул эле учурда, айылдагы турак жай фондунун үлүшүнүн олуттуу өсүшү белгиленди, ал эми шаардык турак-жай фондунун үлүшү, тескерисинче, төмөндөдү.

1-таблицада көрүнүп тургандай, турак жай фонудунун түзүмүндө жеке сектордун үлүшү басымдуулук кылат, анда турак жай фондунун жалпы аянтынын 99 пайызга жакыны жарандардын менчигинде турат.

**1-таблица. Турак жай фондунун түзүмү**

*(жыйынтыкка карата, пайыз менен)*

| | Бардыгы | | Шаар жергеси | | Айыл жергеси | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2013** | **2017** | **2013** | **2017** | **2013** | **2017** |
| **Турак жай фонду-** бардыгы | **100** | **100** | **100** | **100** | **100** | **100** |
| анын ичинде: | | | | | | |
| мамлекеттик турак жай фонду | 1,7 | 1,4 | 3,5 | 2,9 | 0,6 | 0,5 |
| коомдук турак жай фонду | 0,1 | 0,0 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,0 |
| турак жай-курулуш кооперативдер фонду | 0,0 | 0,0 | 0,0 | - | 0,0 | 0,0 |
| жеке турак жай фонду | 98,2 | 98,6 | 96,4 | 97,0 | 99,3 | 99,5 |

Жалпы республика боюнча турак жай менен камсыздалуу, 2013-жылы бир адамга деп эсептелген 12,8 чарчы метрден 2017-жылы - 13,2 чарчы метрге чейин көбөйдү. Ушул эле учурда, ушул мезгилдин ичинде шаар жергесинде ал 15,0 чарчы метрден 14,2 чарчы метрге чейин азайган, ал эми айыл жергесинде, тескерисинче**,** 11,6 чарчы метрден 12,6 чарчы метрге чейин көбөйду (2-график).

**2-График. Шаар жергесинде жана айыл жерлеринде турак жай менен камсыздалуусу**

*(бир адамга деп эсептегенде, чарчы метр)*



Беш жылдан бери турак жай фондунун жашоо шарттарын жакшыртуунун айрым түрлөрү менен камсыздалуусунун өсүшү белгиленди. 2017-жылы 2013-жылга салыштырганда таза суу менен камсыздоо 0,8 пайызга көбөйгөн, канализация - 1,9 пайызга, ысык суу менен камсыздоо - 13,2 пайызга жана борбордук жылуулук берүү - 10,5 пайызга көбөйгөн. Муну менен катар, газ менен камсыздоо - 4,5 пайызга, ванна (душ) - 6,9 пайызга төмөндөгөн.

Шаар жана айыл жерлериндеги жашоо шарттарды жакшыртуунун айрым түрлөрү менен камсыздалышын карап чыгуу менен көрсөткүчтөрдө олуттуу айырманын бар экендигин белгилөөгө болот (2-таблица).

2017-жылы шаар жерлеринде турак жай фондунун иче турган суу менен камсыздалышы айыл жергесиндеги ага окшош көрсөткүчтөн 4,8 эсеге ашык болду.

Газ, жаратылыш газы жана суюлтулган газ менен шаар жергесиндеги турак жай фондунун 45 пайызга жакыны камсыз болгон, ал эми айыл жергесинде мындай батирлердин саны 14 пайызга жакынын түздү.

Айыл жергесинде калктын канализация менен камсыздалышы шаар жергесине караганда дээрлик 9 эсеге төмөн. Ушул эле учурда, айыл жергесиндеги турак жай фондунун 7 пайызы гана агынды суу кетүүчү түтүк (водоотведение) менен жабдылган.

Ысык суу, ванна (душ) жана борбордук жылуулук менен негизинен шаар жергесиндеги батирлер жана үйлөр гана жабдылган. Ал эми айыл жерлеринде жашоо шарттарын жакшыртуунун ушул түрлөрүнүн деңгээли абдан төмөн. Шаар жергесиндеги турак жай фондунун 33 пайыздан ашыгы борбордук жылуулук менен камсыздалган, ал эми айыл жергесинде – болгону 3 пайызы камсыздалган. Шаар жергесиндеги турак жай фондунун 37 пайызынын ванналары (душтары) бар, ал эми айыл жергесинде – 4 пайызга жакынында бар. Ысык суу, негизинен, шаар жергесинде эле бар. Айыл жерлеринде жашоо шарттарын жакшыртуунун ушул түрүнүн үлүшү өтө аз (1,4 пайыз).

**2-таблица. Шаар жергесиндеги жана айыл жергесиндеги турак жай фондунун жашоо шарттарын жакшыртуу**

*(пайыз менен)*

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Суу түтүк менен** | **36,6** | **37,7** | **36,1** | **36,4** | **36,9** |
| шаар жергеси | 73,3 | 74,2 | 70,7 | 71,6 | 72,4 |
| айыл жергеси | 14,1 | 15,1 | 14,7 | 14,3 | 15,1 |
| **Газ менен** | **26,9** | **26,1** | **25,0** | **25,1** | **25,7** |
| шаар жергеси | 47,3 | 44,2 | 44,6 | 44,9 | 44,9 |
| айыл жергеси | 14,3 | 14,8 | 12,9 | 12,9 | 13,8 |
| **Канализация менен** | **26,6** | **28,3** | **26,4** | **26,7** | **27,1** |
| шаар жергеси | 61,7 | 62,9 | 58,3 | 59,1 | 60,0 |
| айыл жергеси | 5,0 | 6,9 | 6,8 | 6,8 | 6,9 |
| **Ысык суу менен** | **3,8** | **5,3** | **4,7** | **4,7** | **4,3** |
| шаар жергеси | 8,6 | 11,5 | 10,0 | 10,1 | 9,0 |
| айыл жергеси | 0,9 | 1,4 | 1,4 | 1,4 | 1,4 |
| **Борбордук жылуулук менен** | **13,3** | **14,0** | **13,6** | **14,0** | **14,7** |
| шаар жергеси | 29,5 | 31,3 | 30,6 | 31,5 | 33,4 |
| айыл жергеси | 3,3 | 3,2 | 3,1 | 3,2 | 3,1 |
| **Ванна (душ) менен** | **17,5** | **17,9** | **16,7** | **16,6** | **16,3** |
| шаар жергеси | 40,5 | 40,9 | 38,1 | 37,9 | 36,9 |
| айыл жергеси | 3,4 | 3,6 | 3,6 | 3,6 | 3,6 |

2017-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында 973 суутек тармагы иштеп турган. Жалпысынан алганда, республиканын керектөөчүлөрүнө 320 млн. куб. метрден ашык суу жумшалган, анын ичинен шаар жергесинин керектөөчүлөрү үчүн 58 пайыздан ашык же 187,7

млн. куб метр, ал эми айыл жергесинин керектөөчүлөрү үчүн  - 42 пайыз же 133,0 млн куб метр суу жумшалган.  Берилген суунун жалпы көлөмүнөн эң ири көлөмү Бишкек шаарынын керектөөчүлөрүнө (25 пайызы), ал эми эң төмөнү - Талас облусунда (3,3 пайызы) туура келген.

Үй чарбаларынын интеграцияланган бирдиктүү тандалма изилдөөсүнүн маалыматтарына ылайык шаар жергесинин калкы (64,1 пайыз), негизинен, борборлошкон суу түтүктөрү менен колдонушат, айыл жергесинин калкы (67,9 пайыз) суу түтүктөрүнүн колонкасын (мамыча) колдонушат. Алардын ден соолугуна коркунуч алып келе турган ачык арыктардан ичe турган сууну колдонгон калктын 6,6 пайызы ичe турган суунун коопсуз булактарына жете алышпайт.

Жалпы эле республика боюнча калктын 9 пайызга жакыны ичe турган суунун булагы катары суу колонкасын (мамыча)  жана булактардын суусун колдонушат.

**3-таблица. 2017-жылы жашаган жерине жараша үй чарбаларын ичүүчү суу менен жабдуу булактары**

*(пайыз менен)*

| | Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыз кылуу | Суу түтүк колонкалары | Кудук | Булак | Арык |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **29,1** | **55,4** | **6,6** | **2,3** | **6,6** |
| шаар жергеси | 64,1 | 32,5 | 2,6 | 0,1 | 0,6 |
| айыл жергеси | 10,0 | 67,9 | 8,7 | 3,5 | 9,9 |

Шаар жергесинин шаарларын жана айыл жергесинин айылдык пункттарынын жашоо шарттарын жакшыртуу боюнча ишмердиктерди жургүзүүчү 332 ишкана 2017-жыл үчүн отчет беришти. Келтирилген маалыматтарга ылайык, 2017-жылы бардык көчөлөрдүн, өтмөктөрдүн, суу жэгиндеги көчөлөрдүн  жалпы узундугу 34,8 миң км болгон, анын ичинде 19,0 миң км алардын төшөлгөн бөлүктөрүнүн узундугун жана 5,7 миң км -  алардын үстүнүн жакшыртылып төшөлгөн жабуусунун узундугун түздү.

Калк жайгашкан пункттардын чегинде көчөттөр менен жашылдандыруунун жалпы аянты 10,2 миң гектарды түзөт, ал эми 1000 адамга деп эсептегенде 1,7 гектарды түзөт. Көчөттөр менен жашылдандыруулардын негизги үлүшү Бишкек шаарына - 47,7 пайыз же 4,9 миң гектар, ал эми эң төмөнү  - Талас облусуна (1,9 миң км) туура келет.

## 4-Таблица. Көчөлөрдү көрктөндүрүү жана жашылдандыруу

*(километр)*

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бардык көчөлөр, өтмөктөгү көчөлөр, суу жээктериндеги көчөлөрдүн жалпы узундугу | 30 276,4 | 30 770,1 | 31 499,3 | 34 624,9 | 34 818,5 |
| анын ичинде: | | | | | |
| алардын төшөлгөн бөлүктөрүнүн узундугу | 16 750,5 | 17 151,0 | 17 653,0 | 18 760,6 | 19 039,1 |
| жакшыртылып төшөлгөн жабуусунун узундугу | 5 401,0 | 5 503,8 | 5 652,9 | 5 474,9 | 5 746,3 |
| жарык бөлүктөрү | 4 233,5 | 5 616,7 | 6 180,4 | 6 404,4 | 8 238,8 |
| Калк жайгашкан пункттардын чегинде жашыл көчөттөрдүн жана массивдердин жалпы аянты, га | 10 450,5 | 10 427,2 | 10 384,2 | 10 643,9 | 10 239,2 |

Кыргыз Республикасында акыркы беш жыл ичинде бардык көчөлөрдүн, өтмөктөгү көчөлөрдүн, суу жээктериндеги көчөлөрдүн жарык берилген бөлүктөрүнүн узаргандыгы байкалат, ал 2017-жылы 8,2 миң км түздү, бул 2013-жылга салыштырганда 2 эсеге көп жана 2016-жылга  салыштырганда 30,2 пайызга көп. Бардык көчөлөрдүн, өтмөктөгү көчөлөрдүн, суу жээктериндеги көчөлөрдүн жарык берилген бөлүктөрүнүн узаргандыгы Бишкек шаарында (4,7 миң км.) белгиленди,  ал эми эң төмөнү  - Талас облусуна (1,9 миң км) белгиленди.

Турмуш-тиричилик калдыктарынан арылуунун ыкмалары коммуналдык чарбасы

тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарга жетүүсүнөн түздөн-түз көз каранды. 2017-жылы үй чарбалары контейнерлерди, таштандылар проводдорун, таштандылардын үйүндүсүнө таштоо, күйгүзүү жана көмүүнү колдонуу жолу менен таштандылардан арылышат.

Шаар жерлеринде үй чарбаларынын таштандылардан арылган көбүрөөк үлүшү (79,8 пайызы) контейнерлерди колдонуу аркылуу жана таштандылардын үйүндүсүнө таштоо (16,7 пайыз) жолу менен таштандылардан арылышат. Айыл жерлеринде үй чарбаларынын 46,5 пайызы таштандыларды өрттөшөт жана 25,2 пайызы таштандылардын үйүндүсүнө ташташат.

Айыл жерлериндеги үй чарбалары таштандыларды жерге көмүп арылышкандардын көбүрөөк үлүшү Баткен облусуна (43,7 пайызы), ал эми эң төмөнү - Талас (1,2 пайызы), Ысык-Көл (2,3 пайызы) жана Чүй (2,5 пайызы) облустарына туура келет.

2017-жылы 981,5 миңге жакын тонна турмуш-тиричилик калдыктары (таштандылары) чыккан, бул 2013-жылга салыштырганда 19,7 пайызга аз. Чыгарылган калдыктардын жалпы көлөмүнөн 43 пайыздан көбүн үй чарба калдыктары, 20,4 пайызы – көчөдөгү таштандылар, анын ичинде таштандыларды санкциясыз таштоолор жана парк калдыктары жана 20,6 - ишканалардын жана мекемелердин калдыктары түздү. Чыгарылган калдыктардын (таштандылардын) көбүрөөк үлүшү Ош шаарына (34,7 пайыз) жана Бишкек шаарына (33,2 пайыз) туура келет.

**5-таблица. Аймактар боюнча тиричилик таштандыларын (катуу таштандыларды) чыгыруу**

*(миң. тонна)*

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **1 175,6** | **994,9** | **1 113,3** | **995,8** | **981,5** |
| Баткен облусу | 0,7 | 18,5 | 20,5 | 22,8 | 30,5 |
| Жалал-Абадская облусу | 43,8 | 40,7 | 48,1 | 48,1 | 72,8 |
| Ысык-Көл облусу | 14,9 | 19,1 | 31,1 | 22,3 | 36,0 |
| Нарын облусу | 28,7 | 37,5 | 53,1 | 33,5 | 47,0 |
| Ош облусу | 24,5 | 38,1 | 32,3 | 32,3 | 37,5 |
| Талас облусу | 5,8 | 7,9 | 9,5 | 11,4 | 7,8 |
| Чуй облусу | 30,3 | 42,6 | 61,2 | 48,6 | 82,9 |
| Бишкек ш. | 933,2 | 547,7 | 544,7 | 442,3 | 326,1 |
| Ош ш. | 87,2 | 242,8 | 312,7 | 334,5 | 340,9 |

**Төраганын биринчи орун басары Н.А. Чуйков**